Тилиң ар дайым Аллахты зикир кылуу менен нымдалып турсун

Абдулла бин Буср (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбызга бир киши келип: "О Аллахтын элчиси! Ислам шарияты (напил амалдар) бизге көптүк кылып жатат. Анын баарына татый турган дайыма аткарып жүрө турган амал барбы?" - деп сурады. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди: "Тилиң ар дайым Аллахты зикир кылуу менен нымдалып турсун". Дагы бир айтымда: Муаз бин Жабал (ага Аллах ыраазы болсун) айткан хадисте: Мен Аллахтын элчисинен эң акыркы сураганым: "Кайсы амал Аллахка жакын жана жагымдуу" деген суроо болду. Ал: "Сен Аллахты зикир кылуу менен тилиң нымдалган абалда өлүүң" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [رواه أحمد والترمذي وابن ماجه وابن حبان]

Бир киши Аллахтын элчисине келип, напил ибадаттарды аткарууга алсыздык кылып жатканын айтып даттанат. Анан Аллахтын элчисинен ага аткарууга жеңил, сообу көп бир ибадатты үйрөтүүсүн суранат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бардык убакта жана абалда Аллахка тасбих айтып, мактоо айтып, кечирим тилеп, дуба кылып тили кыймылдап, нымдалып туруусун айтып жол көрсөтөт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/66541